УДК: 152.3.
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/3-772-778

**Токтомаматова А.Т.**
окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
toktomamatova@gmail.com
**Турсунбек кызы Э.**
окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
edilsatursunbekkyzy@gmail.com

## НАРИСТЕНИН ДҮЙНӨСҮНӨ САЯКАТ

**Аннотация.** Бул макала баланын кайталангыс дүйнөсүн, анын курчап турган дүйнөнү кабылдоосун жана өнүгүү өзгөчөлүктөрүн изилдөөгө арналган. Баланын өнүгүүсүнүн когнитивдик, эмоционалдык жана социалдык аспектилери талданат. Автор балдардын чыгармачылыгы, оюн жүрүм-туруму, жаратылышка мамилеси, башкалар менен болгон мамилеси сыяктуу көрүнүштөрдү эске алып, баланын психикасынын тереңине сүңгүп кирген. Изилдөөдө баланын инсандыгын калыптандырууда чоң адамдын ролуна өзгөчө көңүл бурулган. Ата-эне менен баланын ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн ар кандай аспектилери жана баланын өнүгүшүнө үй-бүлөлүк атмосферанын таасири каралат. Макала балдардын сүрөттөрүн, оюндарын жана күнүмдүк жүрүм-турумун терең талдоонун негизинде балдардын дүйнөнү кабылдоосуна жаңы көз караштy сунуштайт. Автор балдардын стихиялуулугун жана кызыгуусун сактоонун маанилүүлүгүн баса белгилеген.

**Негизги сөздөр:** баланын өнүгүүсү, бала психологиясы, когнитивдик өнүгүү, эмоционалдык өнүгүү, социалдык өнүгүү, балдардын чыгармачылыгы, балдардын кабылдоосу, ата-эне-бала, үй-бүлө тарбиясы, травма.

**Токтомаматова А. Т.**
преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
toktomamatova@gmail.com
**Турсунбек кызы Э.**
преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
edilsatursunbekkyzy@gmail.com

## ПУТЕШЕСТВИЕ ПО ДЕТСКОМУ МИРУ

**Аннотация.** Данная статья посвящена исследованию уникального мира ребенка, его восприятия окружающего мира и особенностей развития. Анализируются когнитивные, эмоциональные и социальные аспекты детского развития. Автор погружается в глубины детской психики, рассматривая такие феномены, как детское творчество, игровое поведение,

отношение к природе и взаимодействие с окружающими. В исследовании особое внимание уделяется роли взрослого в формировании детской личности. Рассматриваются различные аспекты взаимодействия родителя и ребенка, влияние семейной атмосферы на развитие ребенка. Статья предлагает новый взгляд на детское восприятие мира, основанный на глубоком анализе детских рисунков, игр и повседневного поведения. Автор подчеркивает важность сохранения детской непосредственности и любознательности.

**Ключевые слова:** детское развитие, детская психология, когнитивное развитие, эмоциональное развитие, социальное развитие, детское творчество, детское восприятие, родитель-ребенок, семейное воспитание, травма.

**Toktomamatova A.T.**
teacher
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
toktomamatova@gmail.com
**Tursunbek kyzy E.**
teacher
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
edilsatursunbekkyzy@gmail.com

## JOURNEY THROUGH CHILDREN'S WORLD

**Abstract.** This article is devoted to the study of the child's unique world, his/her perception of the surrounding world and developmental features. Cognitive, emotional and social aspects of child development are analysed. The author delves into the depths of the child's psyche, examining such phenomena as children's creativity, play behaviour, attitudes towards nature and interaction with others. The study pays special attention to the role of the adult in the formation of children's personality. Various aspects of parent-child interaction and the influence of the family atmosphere on the child's development are considered. The article offers a new perspective on children's perception of the world, based on an in-depth analysis of children's drawings, games and everyday behaviour. The author emphasises the importance of preserving children's spontaneity and curiosity.

**Key words:** child development, child psychology, cognitive development, emotional development, social development, children's creativity, children's perception, parent-child, family upbringing, trauma.

“Бала – үй-бүлөнүн күзгүсү; күн бир тамчы сууга чагылышкандай, эне менен атанын адеп-ахлактык тазалыгы балдарда да ошондой чагылдырылат” [1, 390 б.].

Баланын дүйнөсү – өзгөчө дүйнө. Бул кооз боёктордун жана шаңдуу үндөрдүн ааламы. Ар бир бала жаңы ачылыштын ээси. Ал дүйнөгө чын дили менен кызыгат. Ошондуктан жан дүйнөсү баёо, көз карашы таза болот. Бала дүйнөнү изилдей баштаганда, кээде өзүнө белгисиз укмуштуудай ачылыштарды жасайт. А түгүл атактуу илимпоздорду, психологдорду, педагогдорду таң калтырышы мүмкүн.

Балдардын көчөдө кантип бейкапар топ ойноп жатканын же кардан чеп куруп жатканын көргөндө кандайдыр бир бактылуулуктун дайрасында чөмүлөсүң. Балдардын жеңиштери, алгачкы ачылыштары, жадакалса эң эле кичинекей жетишкендиктери үчүн да мактоо жана

колдоо керек. Ал эми кээде ойдон чыгарылган душман менен болгон салгылашууда кокусунан бир нерсени сындырып алса, аларды урушуп коёбуз. Негизинен аны көйгөй катары карабоо керек. Идишти тапса болот. Ал эми баланын көңүлүн табуу идишти базардан аралап табуудан да кыйын. Анткени бала көрүп жаткан дүйнөнү, анын жан дүйнөсүнө сүңгүп кирип, анын көзү менен карамайынча ал баланы эч качан түшүнө албайсың.

Келгиле, түстүү карандаштардын топтомун алып, бала курчап турган дүйнөнү шыктануу менен тарткан чыгармаларын талдоого аракет кылалы. Баланын сүрөтү чыныгы дүйнөдөн таң калыштуулугу менен айырмаланат. Кеп бала дагы деле сүрөт тарта албаганында эмес. Бул жөн гана ал аны кандай көрө тургандыгынын барак бетине чагылдырылышы болуп саналат.

● «Бул мен, жерде басып баратам. Мына бак-дарактар. Мен басып кетсем, ордунан эч жылбайт. Мына, бул – күн. Ал мени асманда ээрчип жүрөт».

● «Бул мен, ээн аралдамын. Мен адашып калдым. Бирок мени куткаруу үчүн кеме сүзүп баратат».

● «Бул мен. Чоң жана кооз жайлоодомун. Чоң атама кой санаганы жардам берип жүрөм. Ал эми бул менин чоң апам. Ал боз үйдүн ичинде дасторкон даярдап жатат».

Мындай мисалдардан айта берсең өтө көп. Балдар көп учурда эч ким сурабаса да, өз чыгармаларына үн чыгарып комментарий берет. Жана алар, албетте, чиймеде ар бирин майда-чүйдөсүнө чейин түшүндүрүп бере алат, алардын бири да жөн жеринен, бекеринен тартылган эмес.

Бала кезинде баары мүмкүн: Табышмактуу суроолорду берет. Алптар менен чыпалак баланын фантастикалык дүйнөсүндө жашашат. Жана да эртеден күн батканга чейин ойной алышат. Сыйкырчынын, айтылуу кызыл бөрктүн, жадакалса ханыша айымдын образына айланып, ошону менен жаңы оюндун сюжетин ойлоп табышат. Алардын фантазиясы чексиз болот. Эмне реалдуу, а эмне реалдуу эместигин ойлошпойт. Кыскасы, алардын фантазиясында баары мүмкүн.

Балдар чоң адамдардын дүйнөсүндө жана күнүмдүк жашоодо күн сайын колдонулган нерселерге кандай көз караш менен карашат? Балдарды курчап турган дүйнө кызыктуу. Анткени ал аларга чоочун. Эртең менен ойгонгонуңузда толкунданып жатасызбы? же күнүмдүк жумуштан, кесиптештер менен жолугушуулардан жана дүкөндөн соода кылуудан коркуп жатасызбы? Балдар бул нерсе менен тааныш эмес. Балдарга дүйнө алар үчүн эмнелерди даярдап жатканы кызыктырбайт. Күн сайын алар жаңы жашоодо жашашат. Ошондуктан аларды курчап турган дүйнө жагымдуу жана жаңы мүмкүнчүлүктөргө толо көрүнөт.

Түшүнүксүз кырдаалга кабылып, балдар биздегидей окуялардын эң жаман натыйжасын элестете беришпейт. Балдар көп нерсеге биринчи жолу жолуккандыктан, алар автоматтык түрдө окуяларга жакшы тыянак чыгарышат. Балдар айланасынан көргөн нерселердин бардыгынан жаңы тажрыйба алышат. Бала “Эмне үчүн?” деген сөздү күнүнө канча жолу айтканын унутпаңыз. Балдар баарын билгиси келет. Алар “жок” деген жоопту кабыл алышпайт жана аларды канааттандыра турган жоопту издешет. Чоңдор менен чогуу жашап, чоңдор көргөндү көрүп, болуп жаткан окуяларды чоң адамдар сыяктуу кабылдап, чоң адамдарга окшош тыянак чыгарат деп ойлогонубуз сейрек эмес. А биз ошого жараша жогорудан ылдый карай карайбыз жана бул жөн гана бийиктиктин айырмасы эмес. Бул биздин позициябыздагы алган ордубуз. Биз балдардын эмнени сезиши, эмнени ойлонушу, эмнени түшүнүшүн так билебиз. Ошого жараша биз аларды жетектейбиз. Балдар алсыз жана коргонуусуз. Баланын турмуштук тажрыйбасы жетишсиз, абстрактуу ой жүгүртүүсү,

психологиялык коргонуу механизмдери калыптана элек. “Ата” менен “эне” ал үчүн эң жакын, эң күчтүү адамдар. Балдардын жашоосу аларга берген сүйүүдөн жана маанайынан көз каранды. Ата-энеси ага: «Мен сени мындан ары сүйбөйм. Сени балдар үйүнө берем», – дешсе, ал ошого толугу менен ишенет, баарын түз түшүнөт. Кичинекей баланын ой жүгүртүүсү борборлошкон, айланасында болуп жаткан бардык окуяларды өзү менен байланыштырат. Ал өзүн чоң дүйнөнүн бир бөлүгү экенин элестете албайт. Өзүн чоң дүйнөнүн, ааламдын борбору катары көрөт. Ата-энеси кыйкырып, урушуп жатканда наристе алар оор күндөрдү өткөрүп жатканын, жумушунда же жашоосунда кыйынчылыктар болгон окшойт деп ойлобойт. Ал апасы менен атасынын өзүн жаман сезип жатканына өзүн күнөөлөй баштайт. Көптөгөн көйгөйлөр, коркуулар жана комплекстер бала кезинде пайда болот.

Жаратылышты таанып-билүү үчүн, аны байкоо гана эмес, эксперимент жүргүзүү менен да таанып билсе болот, мисалы, колун жерге, бутун агын муздуу сууга батыруу менен, балдар көптөгөн сазимдерге туш болушат.

Жаратылыш - адамды өмүр бою коштоп жүргөн жана жан дүйнөсүндө терең из калтырган маанилүү фактор. Жаңы нерсени билүү менен, бала өзүн ойлоп табуучу катары сезип, адам катары калыптанып, физикалык жана психикалык жактан чыңдалат. Балдардын жаратылышты өзүнүн эмпирикалык таанымы аркылуу кабыл алуусу - интеллектуалдык активдүүлүктү жайылтуучу окутуунун маанилүү фактору гана эмес, ошондой эле мектепке чейинки курактагы балдарга күнүмдүк жашоодо пайда болгон көйгөйлөрдү жана стресстерди жеңүүгө мүмкүндүк берген маанилүү курал болуп калат. Баланын психологиялык булганбаган кабылдоосунун ачыктыгы терс эмоциялардан алыс болууга мүмкүндүк берет. Тажрыйбаны талап кылган стандарттуу эмес кырдаалга туш болгондо, балдар иштин жаман натыйжасы жөнүндө дароо ойлонушпайт. Мындай кырдаалга биринчи жолу туш болгондо, алар болуп жаткан окуяларга оң жана позитивдүү мамиле кылышат.

Балдар чоңдордун жүрүм-турумун туурап алышы эч кимге таңкалыштуу эмес. Андыктан бала үчүн кызыктуу, дайыма өнүгүп келе жаткан инсандын үлгүсү болуу биздин колубузда. Бала менен жаңы нерселерди үйрөнөбүз, билимибиз менен бөлүшөбүз, анын суроолоруна жооп издейбиз жана жаңы маалыматты талкуулайбыз.

Балдар маалыматты планшеттерден жана смартфондордон эмес, реалдуу дүйнөдөн алышына ынандырышыбыз керек. Гаджеттер бала үчүн кызыктуу жана ата-энелердин жашоосун жеңилдеткени талашсыз. Бирок, биз балдардын мындай гаджеттерге кичинекей кезинен бери берилип, горизонтторун виртуалдык дүйнө менен чектеп калышын каалайбызбы? Чындыгында гаджеттер менен алектенүү адаты өзүмчүлдүк тутумун түзөт, ал эми бала кийинчерээк баш тартууга же каалаган нерсесин тез ала албай калууга кескин түрдө жооп берет. Бул өспүрүм куракта ата-энелер менен чексиз чыр-чатактар менен коштолот.

Балага өзүнүн сезимдери жана эмоциялары менен байланышууга жардам берүү керек. Балдарды кичинекей кезинен эле өз каалоолорун жана муктаждыктарын айтууга үйрөтүү керек. Бала менен баарлашууда эмнени сезип жатканыбызды үн чыгарып айтуу кажет. Мисалы: "Бактылуумун", "мен ачкамын", "таарындым", "капа болдум" ж.б.у.с. Ошондой эле баланы сезимдери жөнүндө айтууга үндөө керек. Ошондуктан, мисалы, жыгылып калса, сооротуп, боор ачкандан мурун, адегенде кандай сезимдер болгонун билдирсин. Ошентип, бала баарлашууну жана маанилүү сематикалык чынжырды үйрөнөт.

Азыркы учурда ата-энелер, алардын бош эместигинен жана баласы менен убакыт өткөрө албагандыктан, ар кандай сатып алуулар менен байланыштын жоктугун толтурууга аракет кылышат. Бирок өткөргөн убакыты балага бөлүү, оюнчукка же жаңы көйнөккө караганда алда

канча маанилүү. Материалдык нерселер эч нерсени кыртышы сүйбөгөн кежирдикке жана кулак салбаган тоң моюндукка алып барат. Алар чындыгында ата-эненин мээримин алуу зарылдыгы үчүн кыйкырык экендигин эстен чыгарбайлы. Бардык убакытты оюндарга жана баарлашууга коротуунун кажети жок, эң негизгиси – үзгүлтүксүздүк. Күнүнө бир саат болсун, бирок ошол убакыт 100% кызыктуу өткөрүлгөндүгүндө жатат.

Бул жерде “угуу” менен “кулак салуунун” ортосундагы айырма абдан маанилүү. Үтүктөп, тазалап жатканда, артын карап, баланы угуу мүмкүн эмес. Сүйлөшүүдө көздүн контакты абдан маанилүү. Ошондо гана бала өзүн коопсуз сезет.

Баланы ар кандай ийримдерге жана секция бөлүмдөр менен ашыкча жүктөөнүн кереги жок. Анте турган болсок, программаланган роботту өстүрүп чыгарган болобуз. Мектепке чейинки курактагы баланын 70% бош убактысы болушу керек. Бала ага жаккан нерсени изилдөөгө, ойноого жана фантазиялоого мүмкүнчүлүк берүүсү керек.

Балдардын тил албастыгы жана кежирлиги бардык ата-энелерге тааныш көрүнүш. Ошондой эле ар ким ага ар кандай мамиле кылат. Биз физикалык жазаларды эске албайбыз, мунун себебин түшүндүрүүнүн кереги жок. Эгер балага кандайдыр бир тыюу салынса – аягына чейин баруу керек, принципти сактоо жана айтылгандарга чынчыл болуу кажет. Болбосо бала айтылган сөзгө маани бербеши мүмкүн. Кандай болгон күндө да коркутуудан мурун эки жолу ойлонуу керек.

“Сүйүү кучагына бөлөнбөгөн бала, сүйө албаган инсандарга айланат” *(Перл Бак)* [2, 86-94 б.].

Талашсыз сүйүү – бул бала башкалардай акылдуу, сулуу, күчтүү болбосо да, жаңылыштык кетирсе да сүйө билүү дегенди билдирет. Мындай сүйүү үчүн баланын жакшылыгы же кемчилиги маанилүү эмес. Бул жерде эң башкысы сүйүү менен жол берүүчүлүктү чаташтырбоо. Ал кандай болсо да, эмне кылбасын, биз баланы сүйөбүз. Бирок бул анын кандайдыр бир жүрүм-турумун жактырабыз дегенди билдирбейт. Бала өзүн ушундай жакшы көрөрүн сезгенде (“беш” деген баа үчүн же жууган идиши үчүн эмес), айтылган кеңештерди жана көрсөтмөлөрдү угат.

Мына ушундай учурда гана балада адекваттуу өзүн-өзү сыйлоо жөндөмү калыптанат. Ал өзүн коомдун толук кандуу мүчөсү катары сезет жана өзүнүн талантын, жөндөмдүүлүгүн ишке ашыра алат.

“Табият балдардын бойго жеткенче бала болушун каалайт. Эгер биз бул тартипти бузгубуз келсе, анда өз маалынан эрте бышырылган, даамы да жок эрте мөмө же ушуга окшогон эле түшүм алгандай болобуз. Мөмө өз бутагында өз маалында жетилгени сыңары балдар да балалык доорун бала кезинде толук жашап өтүүсү керек”. *(Жан-Жак Руссо) [3, 390 б.].*

Профессордун сөздөрү дайым терең акылмандыкка сугарылган: “Балалык балада жетилсин” (же “Мөмө өз бутагында өз маалында жетилгени сыңары балдар да балалык доорун бала кезинде толук жашап өтүүсү керек”). Анда атанын амбициялары да, эненин ишке ашпаган кыялдары да эмес, анын өзүнө жана бизден катылган ыктары, өзгөчөлүгү, таланттары камтылгандыгында жатат.

Ата-энелер өзүнүн туура эмес иш-аракеттеринен улам балдарына психикалык травма келтирип, анын кесепети алардын бүткүл жашоосуна таасир тийгизээрин эске алышпайт. Баланы түшүнүү үчүн, анын позициясына түшүп, эмне сезип жатканын элестетип билүү керек. Баланын инсандыгынын калыптануусу бир тараптуу процесс эмес. Ата-эне баланы тарбиялап жатканда өзүн да тарбиялай баштайт. Бала айланасындагы башка адамдардын ортосундагы мамилесин кандай кабыл алаарын аныктоо аябай маанилүү.

Белгилүү бир жашка чейинки балдар алардын ойлору башкалардан айырмаланышы мүмкүн экендигин жана ар бир адамдын өзүнүн ой жүгүртүү өзгөчөлүктөрү бар экендигин түшүнүшпөйт. Алар айланадагылардын бардыгы алар сыяктуу эле ойлошот деп ишенишет.

Бала курчап турган дүйнөнү, өзүн, үй-бүлөсүн, ата-энесин кандай көрөөрүн билүү тоскоолдук жаратпайт. Баланы угуу, түшүнө билүү жана ага биз аны түшүнгөнүңүздү, анын ойлоосу жана эмнени сезгени биз үчүн маанилүү экенин балага билдирүү керек. Бүгүнкү балакайдын кандай инсан болору – балалыктын кандай өткөнүнө, баланы ким колунан жетелегенине, анын акыл-эси жана жан дүйнөсү айлана-чөйрөдөн эмнени кабыл алганына байланыштуу. Ошондо баланын чечилбеген көптөгөн көйгөйлөрү айкын болот.

“Балага адилеттүү жана туура баа берүү үчүн аны өз чөйрөсүнөн өзүбүздүн чөйрөгө өткөрбөй, анын руханий дүйнөсүнө өзүбүз өтүшүбүз керек” *(Николай Иванович Пирогов) [4, 390 б.]*.

Балдардын ой жүгүртүү мүмкүнчүлүктөрү сүрөттөө - бул психологиянын кызыктуу баракчалары гана эмес. Балдар менен ата-энелер эмне үчүн көп учурда бири-бирин түшүнбөй тургандыгын билүү үчүн, аларды түшүнүү зарыл..эмне үчүн балдар болуп жаткан окуяларды өзгөчө баалашат, эмне үчүн биз күткөндөй реакция кылышпайт. Учурда болуп жаткан нерселерди балдардын көз карашы менен караңыз. Балдар ата-энелердин жүрүм-турумун, алардын өзүлөрүнө болгон мамилесин өз алдынча кабыл алышат жана чечмелешет. Балдардын өкүлчүлүктөрү, үй-бүлө дүйнөсүн түшүнүү өзгөчө эмоционалдык реакцияларды, таң калыштуу нерселерди жаратат. Аларды түшүнсө болот, бирок бул үчүн балдардын ой жүгүртүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн билүү керек.

Ар бир бала өз дүйнөсүндө жашайт. Бири-бирине коёндой окшош адамдар жок болгондой эле, эки опокшош дүйнө жок. Болуусу да мүмкүнр эмес. Кээ бир балакай үчүн бул дүйнө куурчак жана мамалак, башкалар үчүн сүйүктүү унаалар, трансформерлер, лего жана башкалар болушу мүмкүн. Бала өз дүйнөсүн түзүүгө укуктуу жана ал өзү жашагысы келген өзүнүн дүйнөсүн жаратат. Бизди кичинекей бала өз дүйнөсүнө киргизер киргизбешин, ал баланын өзүнөн суроо керек. Кабыл алса жакшы. Кабыл албаса жок. Ал жакка күч менен кирүүгө мүмкүн эмес.

Бала, учурдагы чакты чындык деп эсептейт. Анткени ал өзүн дүйнөдөн бөлбөйт. Аны эч ким көрбөйт деп ойлошу үчүн көзүн жумуп алышы жетиштүү. Дал ушул учурда бардыгы аны кайрадан көрөт деп ишенүү менен колдорун кубаныч менен ачып, өзүнүн дүйнөсүнө чакырат.

Балдарга, өзгөчө кичинекей наристелерге кам көрүү зарыл. Алар чоң адамдарга үч нерсени үйрөтө алышат: талап кылуу, бир нерсе менен алектенүү жана себепбиз кубануу. Бала кубанса, анын жугуштуу күлкүсү чондордун жүзүнө жылмаюу тартуулайт. Ал эми баланын ыйлаганын укканда, жүрөгүндүн сыгылганын айтпа... Дароо аны кучагыңа алып, өйдө көтөрүп тынчтандыргың келет.

Бала канчалык чоңойсо, ошончолук чөйрөгө ыңгайланышуу өзгөчөлүктөрү пайда болуп, өзүн кадимки башка чоң адамдардын катарына теңешет.

Балдардын жарык дүйнөгө жаралышы алардын тандоосу эмес. Бул жаш жубайлардын үй-бүлөлүк парзы. Ошондуктан балдардан эч нерсе талап кылынбайт. Биз, балдардын бул дүйнөдө аман калуусу үчүн аларга канат жана уя болуп беришибиз керек. Бийикте көкөлөп учуусу үчүн – канат, ала эми дайыма кайтып келе алышы үчүн уя керек.

**Адабияттар:**

**1.** Чыныгы адамды кантип тарбиялоо керек: коммунисттик тарбиялоонун этикасы [Текст] / В.А. Сухомлинский. – М.: Педагогика, 1990. – 390 б.

**2.** Игра и детство: Онтологические перекрестки
Ретюнских Л.Т. Вестник Вятского государственного университета 2018. №4. – С.86-94
**3.** Мир буддийский идей и монашество в классической японской литературе
Лепехов С.Ю., Лепехова Е.С. Улан-Уде, 2013. Сер. "PAX BUDDHICA" – 390 б.
4. Хрестоматия по истории образования детей младщего школьного возраста
Веденеева О.А., Сайгушев Н.Я., Савва Л.И., Кондрашова Е.Н., Санкт-Петербург, 2020. – 390 б.

**Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Толоев М.Ж.**